Литература

1. **Айтматов Ч. Т**. Буранный полустанок (И дольше века длится день): Роман. — М.: Молодая гвардия, 1981. — 304 с.
2. **Горелов, И. Н.** Невербальные компоненты коммуникации. — М.: Наука, 1980. — 104 с. (Теоретическая база механизмов НК).
3. **Кадырбекова П. К**. Межкультурная коммуникация: проблемы и перспективы. — Бишкек, 2015.
4. **Тер-Минасова С. Г.** Язык и межкультурная коммуникация. — М.: Слово, 2008. — 264 с.
5. **Холл, Э.** Как понять иностранца без слов (The Silent Language). — М.: АСТ, 2011. — 210 с. (Основополагающая работа по определению **высококонтекстных и низкоконтекстных культур**, а также основ проксемики).

УДК 37.016:82-93(575.2) **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).535**

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА “БУГУ ЭНЕ” ЧЫГАРМАСЫН ТАЛДОО АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ТЕКСТТИ ТҮШҮНҮҮ КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Сакиева Сайипжамала Сайлайдиновна
педагогика илимдеринин доктору
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун профессору
0009-0003-1520-3492,
s-sakieva@mail.ru
Тенишова Клара Жарашбековна
ОшМПУ, окутуучу
0009-0001-6367-0656
klaratenishova2020@gmail.com

ФОРМИРОВАНИЕ НАВЫКОВ ПОНИМАНИЯ ТЕКСТА У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ НА ОСНОВЕ АНАЛИЗА ПРОИЗВЕДЕНИЯ «МАТЬ-ОЛЕНЬ» ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ

Сакиева Сайипджамала Сайлаидиновна
Доктор педагогических наук
Профессор Государственного медицинского университета им. Б. Осмонова
ORCID 0009-0003-1520-3492,
s-sakieva@mail.ru
Тенишова Клара Жарашбековна,
преподаватель, Ош ГПУ
0009-0001-6367-0656
klaratenishova2020@gmail.com

DEVELOPING TEXT COMPREHENSION SKILLS OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS THROUGH THE ANALYSIS OF THE WORK “MOTHER DEER” BY CHYNGYZ AITMATOV

Sakieva Saiipzhamala Sailayidinovna
Doctor of Pedagogical Sciences
Professor, B. Osmonov State Medical University
ORCID 0009-0003-1520-3492,
s-sakieva@mail.ru
Tenishova Klara Zarashbekovna,

Lecturer, Osh State Pedagogical University
ORCID: 0009-0001-6367-0656
klaratenishova2020@gmail.com

Аннотация

Бул макалада башталгыч класстарда окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруунун теориялык жана методикалык негиздери каралат. Изилдөөдө көркөм тексттерди талдоонун маниси жана анын окуучулардын окуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдөгү ролу талданат. Айрыкча Чыңгыз Айтматов чыгармаларынын негизинде “Бугу эне” чыгармасын окутуу мисалында окуучулардын текстти аң-сезимдүү кабыл алуусу, мазмунун түшүнүүсү жана анализдөө жөндөмдөрү изилденет. Макалада текстти түшүнүүнүн деңгээлдери, көркөм текстти талдоонун этаптары жана эффективдүү методикалык ыкмалар кеңири каралган. Ошондой эле мазмундук, проблемалуу жана чыгармачылык тапшырмалар аркылуу окуучулардын логикалык, критикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгында көркөм тексттерди системалуу талдоо окуучулардын тил байлыгын кеңейтүүгө, өз оюн эркин билдирүүгө жана окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөрү аныкталды.

Ачкыч сөздөр: *көркөм текст, текстти түшүнүү, башталгыч класстар, адабий окуу, окуу компетенттүүлүгү, талдоо, методика, чыгармачылык тапшырмалар*

Аннотация

В данной статье рассматриваются теоретические и методические основы формирования навыков понимания текста у учащихся начальных классов. Особое внимание уделяется значению анализа художественного текста и его роли в развитии читательской компетентности. На примере произведения «Бугу эне» Чыңгыз Айтматов исследуются возможности формирования осознанного восприятия текста, понимания его содержания и аналитических умений учащихся. В статье раскрываются уровни понимания текста, этапы анализа художественного произведения, а также эффективные методические приемы. Показано, что использование содержательных, проблемных и творческих заданий способствует развитию логического, критического и творческого мышления учащихся. В результате исследования установлено, что систематический анализ художественных текстов способствует расширению словарного запаса, формированию умения выражать собственное мнение и повышению качества учебной деятельности.

Ключевые слова: *художественный текст, понимание текста, начальные классы, литературное чтение, читательская компетентность, анализ, методика, творческие задания*

Annotation

This article examines the theoretical and methodological foundations for developing text comprehension skills among primary school students. Special attention is given to the role of literary text analysis in enhancing reading competence. Based on the example of the work “Mother Deer” by Чыңгыз Айтматов, the study explores ways to develop students’ conscious reading, understanding of content, and analytical skills. The article describes different levels of text comprehension, stages of literary analysis, and effective teaching methods. It also demonstrates how content-based, problem-solving, and creative tasks contribute to the development of students’ logical, critical, and creative thinking. The findings indicate that systematic analysis of literary texts helps expand students’ vocabulary, improve their ability to express ideas clearly, and enhance the overall quality of learning activities.

Keywords: *literary text, text comprehension, primary school, reading instruction, reading competence, analysis, methodology, creative tasks*

Киришүү

Азыркы билим берүү системасында окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу негизги жана приоритеттүү маселелердин бири болуп саналат. Билим

берүүнүн мазмуну өзгөрүп, компетенттүүлүккө багытталган окутуу модели киргизилип жаткан шартта, окуучулардын жөн гана окуп берүү эмес, окуганын түшүнүү, талдоо жана өз оюн билдирүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Анткени бүгүнкү күндө маалыматтын көлөмү улам өсүп жаткан шартта окуучу алган маалыматты иргеп, анализдеп, аны туура кабыл алып, турмушта колдоно билүүгө тийиш.

Башталгыч билим берүү баскычы – бул окуучунун интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнүн пайдубалы болуп эсептелет. Дал ушул этапта окуучулардын окуу көндүмдөрү, анын ичинде туура, ылдам, аң-сезимдүү жана мазмундуу окуу жөндөмдөрү калыптанат. Эгерде башталгыч класстарда окуучунун текстти түшүнүү жөндөмү жетиштүү деңгээлде өнүкпөсө, анда бул анын кийинки билим алуу процессине терс таасирин тийгизет. Ошондуктан башталгыч класстарда окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу – педагогиканын эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Текстти түшүнүү – бул көп кырдуу психологиялык-педагогикалык процесс. Ал окуучунун сөз байлыгына, логикалык ой жүгүртүүсүнө, көңүл буруу жөндөмүнө, элестетүүсүнө жана мурунку билимине түздөн-түз байланыштуу. Текстти түшүнүүдө окуучу тексттеги негизги ойду ажыратып, каармандардын аракетине баа берип, окуялардын себеп-натыйжалык байланышын аныктап, өзүнүн жеке көз карашын калыптандырат. Бул процессте окуучу пассивдүү кабыл алуучу эмес, тескерисинче, активдүү ой жүгүртүүчү субъект болуп эсептелет. [10, с.60-67]

Мындай көндүмдөрдү өнүктүрүүдө адабий окуу сабагы өзгөчө орунду ээлейт. Адабий окуу сабагында окуучулар көркөм тексттер менен иштешет. Көркөм тексттердин өзгөчөлүгү – алар образдуу тилде жазылып, окурмандын сезимине жана ой жүгүртүүсүнө таасир этет. Көркөм тексттер аркылуу окуучулар сөздүн көркөмдүгүн, образдуулугун, эмоционалдык боёгун түшүнүүгө үйрөнүшөт. Бул болсо алардын тилдик компетенттүүлүгүн гана эмес, эстетикалык табитин да калыптандырат. [9, С. 155-161]

Көркөм тексттерди талдоо окуучулардын текстти терең түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт. Талдоо процессинде окуучулар тексттин мазмунун гана айтып бербестен, анын ички маанисин, идеялык багытын, автордун оюн түшүнүүгө аракет кылышат. Мындай ишмердүүлүк окуучулардын аналитикалык жана критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Ошондой эле окуучулар өз оюн далилдеп айтууга, башкалардын пикирине баа берүүгө үйрөнүшөт.

Бул багытта Чыңгыз Айтматов чыгармалары өзгөчө мааниге ээ. Анын чыгармалары дүйнөлүк адабиятта өзүнүн терең философиялык мазмуну, адамзаттык баалуулуктарды көтөргөн идеялары жана көркөм чеберчилиги менен айырмаланат. Айтматовдун чыгармалары адам менен табияттын өз ара байланышын, адамдык сапаттарды, моралдык тандоону, руханий дүйнөнү чагылдыруу аркылуу окурманга чоң таасир берет.

Айрыкча башталгыч класстар үчүн ылайыктуу болгон чыгармалары окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, алардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга чоң жардам берет. Мындай чыгармалар окуучуларды жакшылыкка, боорукерликке, табиятты сүйүүгө, адамгерчиликке тарбиялайт. Ошону менен бирге алар окуучулардын тил байлыгын байытып, сүйлөө маданиятын өнүктүрөт.

“Бугу эне” чыгармасы – Чыңгыз Айтматов чыгармаларынын ичиндеги эң таасирдүү жана терең мазмунга ээ чыгармалардын бири болуп саналат. Бул чыгармада табият менен адамдын мамилеси, руханий баалуулуктар, жакшылык менен жамандыктын күрөшү көркөм образдар аркылуу чагылдырылган. Бугу эненин образы – мээримдүүлүктүн, тазалыктын жана табияттын символу катары берилет.

Бул чыгарманы башталгыч класстарда талдоо окуучулардын текстти түшүнүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Окуучулар текстти окуу менен гана чектелбестен, анын мазмунун талдап, каармандардын аракетине баа берип, өз ойлорун билдирүүгө үйрөнүшөт. Бул процесс окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, элестетүүсүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

Мындан тышкары, “Бугу эне” чыгармасын талдоо окуучулардын эмоционалдык дүйнөсүнө да таасир этет. Алар каармандардын башынан өткөргөн окуяларын сезип, аларга боор ооруп, туура жана туура эмес аракеттерди айырмалоого үйрөнүшөт. Бул болсо окуучулардын адеп-ахлактык тарбиясына оң таасирин тийгизет.

Азыркы учурда билим берүүдө окуучунун жеке өзгөчөлүгүн эске алуу, анын активдүүлүгүн арттыруу, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү негизги талаптардын бири болуп саналат. Көркөм тексттерди талдоо бул талаптарды ишке ашыруунун эффективдүү каражаты болуп эсептелет. Анткени талдоо процессинде окуучу өз алдынча ойлонуп, текст менен активдүү иш алып барат.

Ошондуктан башталгыч класстарда “Бугу эне” чыгармасын талдоо аркылуу окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу маселеси илимий-педагогикалык жактан изилдөөнү талап кылган актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Бул макалада аталган маселени теориялык жана практикалык жактан талдоо максат кылынат. [2]

Изилдөөнүн максаты – башталгыч класстарда “Бугу эне” чыгармасын талдоо аркылуу окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруунун эффективдүү жолдорун аныктоо болуп саналат.

Изилдөөнүн милдеттери катары төмөнкүлөр белгиленет: көркөм текстти талдоонун теориялык негиздерин аныктоо; “Бугу эне” чыгармасынын мазмундук жана тарбиялык өзгөчөлүктөрүн талдоо; окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган методикалык ыкмаларды иштеп чыгуу.

Башталгыч класстарда окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу – бул көп баскычтуу жана максаттуу уюштурулган педагогикалык процесс болуп саналат. Текстти түшүнүү жөндөмү окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн негизи катары анын бардык предметтер боюнча жетишүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан көркөм тексттерди талдоо аркылуу окуучулардын аң-сезимдүү окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү билим берүүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп эсептелет.

Текстти түшүнүүнүн теориялык негизинде анын үч деңгээли белгиленет: биринчи – маалыматтык деңгээл, анда окуучу тексттин мазмунун түшүнөт; экинчи – аналитикалык деңгээл, анда окуучу текстти талдап, каармандардын аракетине баа берет; үчүнчү – интерпретациялык деңгээл, анда окуучу тексттин негизги идеясын аныктап, ага карата өз көз карашын билдирет. Мына ушул үч деңгээлди биргеликте өнүктүрүү окуучунун толук кандуу текстти түшүнүүсүн камсыз кылат.

Бул багытта Чыңгыз Айтматов чыгармалары, айрыкча “Бугу эне” чыгармасы өзгөчө мааниге ээ. Анткени бул чыгарма окуучуларга түшүнүктүү тилде жазылганы менен, терең мазмунду камтып, ой жүгүртүүгө түрткү берет. Мугалим бул чыгарманы талдоодо ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын текстти түшүнүү жөндөмүн өнүктүрө алат. [1, с.320]

Алгач сабактын даярдык этабында окуучуларды текстти кабыл алууга даярдоо маанилүү. Бул этапта мугалим окуучулардын мурунку билимдерин активдештирип, темага байланыштуу суроолорду берет.

суроолор:

– Табият дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

– Жаныбарларга кандай мамиле кылуу керек?

– Мээримдүүлүк деген эмне?

Бул суроолор окуучулардын ой жүгүртүүсүн активдештирип, жаңы темага кызыгуусун арттырат.

Андан кийин текст менен иштөө башталат. Текстти биринчи жолу мугалим көркөм окуп берет же окуучулар кезектешип окушат. Окуудан кийин мазмунду түшүнүүгө багытталган тапшырмалар берилет.

1-тапшырма: Мазмунду түшүнүү

– Окуяда кандай окуялар болду?

– Негизги каармандар кимдер?
– Окуя кайсы жерде өтөт?

Бул тапшырмалар окуучулардын текстти үстүртөн эмес, аң-сезимдүү кабыл алуусуна жардам берет.

Андан кийинки этапта текстти терең талдоо жүргүзүлөт. Бул жерде каармандарды талдоо өзгөчө мааниге ээ.

2-тапшырма: Каармандарды талдоо

– Бугу эне кандай каарман?
– Анын кандай сапаттары бар?
– Ал эмнени символдоштурат?

жооп:

Окуучулар Бугу энени боорукер, мээримдүү, табиятты коргоочу каарман катары мүнөздөшү мүмкүн. Бул жооп алардын текстти терең түшүнүп жатканын көрсөтөт.

Ошондой эле каармандардын аракетине баа берүү тапшырмасы берилет.

3-тапшырма: Баа берүү

– Кайсы каармандын аракети туура?
– Кайсысы туура эмес? Эмне үчүн?

Бул тапшырма окуучулардын адеп-ахлактык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.

Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн себеп-натыйжалык байланыштарды аныктоо маанилүү.

4-тапшырма: Себеп-натыйжа

– Эмне үчүн окуяда мындай окуя болду?
– Бул окуянын жыйынтыгы кандай болду?

Бул тапшырмалар окуучуларды анализдөөгө жана логикалык байланышты түзүүгө үйрөтөт.

Методикалык жактан проблемалуу суроолорду колдонуу да абдан эффективдүү.

5-тапшырма: Проблемалуу суроо

– Эгер сен окуядагы каармандын ордунда болсоң эмне кылмаксың?

Бул суроо окуучуларды өз алдынча ойлонууга жана өз көз карашын билдирүүгө түрткү берет.

Чыгармачылык тапшырмалар текстти түшүнүүнү дагы да тереңдетет.

6-тапшырма: Чыгармачылык иш

– “Бугу эне” тууралуу сүрөт тарт
– Окуяны улантып жаз
– Бугу энеге кат жаз

Мисал:

Окуучу Бугу энеге кат жазып, “Сиз адамдарды коргоп, табиятты сактап жатканыңыз үчүн рахмат” деп өз оюн билдириши мүмкүн. Бул анын эмоционалдык кабыл алуусун көрсөтөт.

Интерактивдүү ыкмалар да натыйжалуу болуп саналат.

7-тапшырма: Ролдоштуруу

Окуучулар топко бөлүнүп, чыгармадан үзүндүнү сахналаштырышат.
Бул ыкма окуучулардын текстти жакшы түшүнүүсүнө жана эстеп калуусуна жардам берет.

8-тапшырма: Топтук иш

– 1-топ: Бугу энени сүрөттөп берет
– 2-топ: Окуянын негизги оюн табат
– 3-топ: Тарбиялык маанисин аныктайт

Бул ыкма окуучулардын кызматташтыкта иштөөсүн өнүктүрөт.

Сөз байлыгын өнүктүрүү үчүн да атайын иштер жүргүзүлөт.

9-тапшырма: Сөздүк иш

– Жаңы сөздөрдү түшүндүрүү
– Алар менен сүйлөм түзүү

Бул тапшырма окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүн өнүктүрөт.

Сабактын акыркы этабында жыйынтыктоо жүргүзүлөт.

10-тапшырма: Жыйынтыктоо

– Бул чыгармадан кандай сабак алдың?

– Негизги ой эмне?

Болжолдуу жооп:

Окуучулар “Жакшылык кылуу керек”, “Табиятты коргоо керек” деген ойлорду айтышы мүмкүн.

Мындай системалуу уюштурулган тапшырмалар окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн этап-этабы менен өнүктүрөт. Теориялык негиздер менен практикалык ыкмаларды айкалыштыруу аркылуу окуучулар текстти терең түшүнүүгө, анализдөөгө жана өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөнүшөт.

Жыйынтыктап айтканда, “Бугу эне” чыгармасын талдоо процессинде туура тандалган методдор жана тапшырмалар окуучулардын окуу компетенттүүлүгүн натыйжалуу өнүктүрүүгө шарт түзөт. Мындай ишмердүүлүк окуучулардын логикалык, чыгармачыл жана критикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстарда окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу билим берүү процессинин негизги багыттарынын бири болуп саналат. Окуучулардын аң-сезимдүү, мазмундуу окуу жөндөмдөрү алардын кийинки билим алуусунун сапатына түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан адабий окуу сабагында көркөм тексттерди талдоо системалуу жана максаттуу жүргүзүлүшү зарыл.

Изилдөөнүн жүрүшүндө белгилүү болгондой, көркөм текстти талдоо окуучулардын текстти түшүнүүсүн бир нече деңгээлде өнүктүрөт. Биринчиден, окуучулар тексттин мазмунун түшүнүүгө үйрөнүшөт. Экинчиден, алар текстти талдап, каармандардын аракетине баа берүүгө жөндөмдүү болушат. Үчүнчүдөн, окуучулар тексттин негизги идеясын аныктап, ага карата өз көз карашын билдирүүгө жетишет. Бул болсо алардын логикалык, аналитикалык жана критикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Бул процессте Чыңгыз Айтматов чыгармалары, айрыкча “Бугу эне” чыгармасы өзгөчө мааниге ээ экени аныкталды. Аталган чыгарма окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген мазмунга ээ болуп, алардын эмоционалдык кабыл алуусуна жана руханий дүйнөсүнө күчтүү таасир этет. Бугу эненин образы аркылуу окуучулар мээримдүүлүк, боорукерлик, табиятка аяр мамиле кылуу сыяктуу баалуулуктарды өздөштүрүшөт. Бул болсо алардын адеп-ахлактык тарбиясынын калыптанышына оң таасирин тийгизет.

Методикалык жактан алганда, көркөм текстти талдоо процессинде ар түрдүү ыкмаларды колдонуу жогорку натыйжа берет. Мазмундук жана проблемалуу суроолор, каармандарды талдоо, себеп-натыйжалык байланыштарды аныктоо, чыгармачылык тапшырмалар жана интерактивдүү ыкмалар окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, алардын активдүүлүгүн камсыз кылат. Айрыкча ролдоштуруу, топтук иш жана чыгармачылык тапшырмалар окуучулардын текстти терең түшүнүүсүнө шарт түзөт.

Ошондой эле дифференцияланган окутууну колдонуу ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүнө жараша билим алуусун камсыз кылат. Бул бардык окуучулардын сабакка активдүү катышуусуна жана окуу материалын өздөштүрүүсүнө жардам берет. Мугалимдин окуу процессин туура уюштуруусу жана методикалык жактан негизделген ыкмаларды колдонушу окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн натыйжалуу өнүктүрүүнүн негизги шарты болуп саналат.

Жалпысынан алганда, “Бугу эне” чыгармасын талдоо аркылуу окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу – бул теориялык негиздерге жана практикалык ыкмаларга таянган, комплекстүү педагогикалык процесс. Мындай ишмердүүлүк окуучулардын окуу компетенттүүлүгүн гана эмес, алардын инсандык жана руханий өнүгүүсүн да камсыз кылат.

Практикалык сунуштар катары төмөнкүдөй жыйынтыктарды белгилөөгө болот. Биринчиден, башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм тексттерди талдоого өзгөчө көңүл буруу зарыл. Талдоо ишмердүүлүгү системалуу жана этап-этабы менен

жүргүзүлүшү керек. Экинчиден, мугалимдер сабакта интерактивдүү жана чыгармачылык ыкмаларды кеңири колдонушу сунушталат. Бул окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жогорулатып, алардын активдүүлүгүн арттырат. Үчүнчүдөн, текстти түшүнүүнү өнүктүрүүдө суроолордун ар түрдүү деңгээлде берилүүсү маанилүү. Жөнөкөй суроолор менен катар проблемалуу жана ой жүгүртүүгө багытталган суроолор колдонулушу керек.

Төртүнчүдөн, окуучулардын сөз байлыгын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Жаңы сөздөрдү үйрөтүү жана аларды практикада колдонуу окуучулардын текстти түшүнүүсүн жакшыртат. Бешинчиден, мугалимдер окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, дифференцияланган тапшырмаларды берүүсү керек. Бул ар бир окуучунун өз деңгээлинде өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Алтынчыдан, көркөм тексттерди талдоодо Чыңгыз Айтматов сыяктуу улуу жазуучулардын чыгармаларын колдонуу сунушталат. Анткени мындай чыгармалар окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтип, алардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда чоң роль ойнойт.

Демек, башталгыч класстарда “Бугу эне” чыгармасын талдоо аркылуу окуучулардын текстти түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган маанилүү педагогикалык багыт болуп саналат. Бул багытты практикага кеңири киргизүү окуучулардын билим сапатын жогорулатууга жана алардын ар тараптуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Чыңгыз Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы: 5 томдук. – Бишкек: Кыргызстан, 2008. – 320 б.
2. Рысбаев С. К., Ибраимова К., Абдухамидова Б. Адабий окуу: Кыргыз мектептеринин 4-класстары үчүн окуу китеби. – Бишкек.
3. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы. – Бишкек, 2003.
4. Сластенин В. А., Исаев И. Ф., Шиянов Е. Н. Педагогика: учеб. пособие. – М.: Академия, 2013. – 608 с.
5. Подласый И. П. Педагогика: учебник для вузов. – М.: Юрайт, 2012. – 540 с.
6. Леонтьев А. А. Психология общения. – М.: Смысл, 2005. – 368 с.
7. Выготский Л. С. Мышление и речь. – М.: Лабиринт, 1999. – 352 с.
8. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Башталгыч жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. – Бишкек, 2020.
9. Теңишова, К. (2025). ЗНАЧЕНИЕ ПРЕПОДАВАНИЯ ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ТЕКСТОВ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ ПО ЛИТЕРАТУРЕ. *Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова*, *2*(1(25), 155–161. https://doi.org/10.56122/.v2i1(25).328
10. Акматов К., & Мамырова, А. (2023). ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПОНЯТИЯ «ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ ТЕКСТ». *Вестник Ошского государственного университета*, (1), 60–67. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_1_8